| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>ДОЛОНО АЙЫЛ КЕҢЕШ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>ДОЛОНСКИЙ АЙЫЛ КЕНЕШ |
|---|---|---|

# ТОКТОМ

2023-ж 19-июну № 9 Таш-Арык айылы

**“Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу”долбоору аркылуу түшкөн акча каражаты жөнүндө**

Долоно айыл аймагынын башчысы Н.Касымов “Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу” долбоорунун негизинде бериле турган 200 000 (эки жүз миң) сом акча каражаты жөнүндөгү маалыматын угуп, талкуулап чыгып Долоно айыл кеңеши **токтом кылат:**

1. Жергиликтүү бюджеттин башкаруу тармагын атайын счетуна пландан тышкары “Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу” долбоорунун негизинде бериле турган 200 000(эки жүз миң) сом акча каражаты киреше бөлүгүнүн планына отургузулсун.
2. Долоно айыл аймагынын үч айылына жарыктандыруу орнотуу үчүн атайын счеттон 200 000 (эки жүз миң) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.
3. Долоно айылдык кеңешинин 2023-жылдын 26-январындагы №1 токтомунун 22-пунктуна өзгөртүү киргизилсин. “Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу”долбоорунун негизинде келген жарыктандыруу орнотуу үчүн айыл өкмөтүнүн бюджетинен 57 000 (элүү жети миң) сом акча каражаты өздүк салым катары жумшалсын.
4. Каржы-экономика бөлүмүнүн башчысы Н.Джамгырчиева бөлүнгөн акча каражаттарды өз убагында которуп берүү жагы милдеттендирилсин.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин бюджет боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага Т.Абдышов